| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**IV-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №9/3**

Жаны-Арык айылы 2022-жылдын 28-апрели

**«Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскертүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 24.02.2022-жылдагы №54 Жарлыгына ылайык, иштелип чыккан жобону бекитүү жөнүндө**

«Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскертүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 24.02.2022-жылдагы №54 Жарлыгына ылайык, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, айыл аймагынын тургундары менен өткөрүлгөн жыйындардагы тургундардын айтылган сунуш-пикирлерин эске алуу менен иштелип чыккан Жобону карап, айылдык кенештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык Кенеши, **токтом кылат:**

1. «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскертүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 24.02.2022-жылдагы №54 Жарлыгына ылайык иштелип чыккан «Жаны-Арык айыл аймагында үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана иш-чараларды өткөрүү тартиби жөнүндө» Жобо бекитилсин (Жобо тиркелет);

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго тапшырылсын.

**Төрайым: М.Акматалиева**